Ош мамлекеттик университетинин Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин педагогикалык кеңешинин кезектеги отуруму
№1-протокол

26-август 2019-жыл Өзгөн шаары

Төрага: Станбаев Ө.Т.

Катчы: Тойгелди кызы А.

Катышкандардын саны:____

Күн тартиби:

| | |
|---|---|
| 1. | Жаңы окуу жылына карата окуу графиктерин, жумушчу окуу планын, колледждин жана кафедралардын иш пландарын бекитүү. |
| 2. | Жаңы окуу жылына карата окуу жүктөмдөрүн бөлүштүрүү, студенттердин которуу жана тикелөө комиссияларынын курамын жана педагогикалык кеңештин, усулдук кеңештин мүчөлөрүн бекитүү. |
| 3. | Ар түркүн маселелер. (Типтүү программаларды талкулоо, жумушчу программаларды, силлабус, ДОМКрин, семестровкаларды бекитүү. Тайпа кураторлорун сунуштоо, бекитүү). |

1. **УГУЛДУ**: Өзгон эл аралык медициналык колледжинин директору, отурумдун төрагасы Ө.Т.Станбаев педагогикалык кеңештин катышуучуларын жаңы 2019-2020-окуу жылы жана 31-август Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүнүн 28 жылдыгы менен куттуктап, окутуучулардын ишине ийгилик каалады.
Күн тартиби боюнча педагогикалык кеңштин иш планы, графиги жана колледждин, кафедралардын иш пландары каралып, талкууланды жана бекитүүгө сунушталды.

**Токтом кылынды:**

1. Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин 2019-2020-окуу жылына карата иш планы, кафедралардын иш пландары, педагогикалык кеңештин иш планы жана графиги бекитүүгө сунушталсын.
2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө директордун окуу иштери боюнча орун басары Г.А.Сулаймановага жүктөлсүн.

2. **УГУЛДУ:** Жаңы окуу жылына карата окуу жүктөмдөрүн бөлүштүрүү жана студенттердин которуу, тикелөө комиссиялардын курамын жана педагогикалык кеңештин жана усулдук кеңештин мүчөлөрүнө окутуучулардан сунуштап, талкуулап жана бекитип берүүнү отурумдун төрагасы суранды.
Отурумдун катышуучулары комиссия курамына жана усулдук кеңешке окутуучуларды сунушташты. Сунуштар, ой-пикирлер эске алынды.

**Токтом кылынды:**

1. Жаңы окуу жылынын окуу жүктөмдөрүн болүштүрүү боюнча төмөндөгүдөй комиссия курамы түзүлсүн:
   1. Сулайманова Г.А. – ӨЭАМКнин окуу иштери боюнча директордун орун басары, комиссиянын төрайымы;
   2. Кошатова Г.Т. – кесиптик комитеттин төрайымы, комиссиянын мүчөсү;
   3. Жумалиева Р.О. – Антикоррупция комитетинин төрайымы, комиссиянын мүчөсү;
   4. Каримбаев Э.С. – тарбия иштер боюнча директордун орун басары, комиссиянын мүчөсү.

2. Жаңы окуу жылына карата студенттерди котоpуу жана тикелөө комиссиясы төмөндөгүдөй курамда бекитилсин:
    1. Станбаев Ө.Т. – ӨЭАМКнин директору, комиссиянын төрагасы;
    2. Сулайманова Г.А. – ӨЭАМКнин окуу иштери боюнча директордун орун басары, комиссиянын мүчөсү;
    3. Кадырова А.М. – кадрлар бөлүмүнүн инспектору, комиссиянын мүчөсү;
    4. Кошатова Г.Т. – кесиптик комитеттин төрайымы, комиссиянын мүчөсү;
    5. Айдар уулу М. – окуу бөлүмүнүн методисти, комиссиянын мүчөсү.

3. Өзгон эл аралык медициналык колледжинин директору Ө.Т.Станбаев педагогикалык кеңештин төрагасы, ал эми окутуучу Тойгелди кызы Айчүрөк жооптуу катчысы болуп бекитилсин.

4. Өзгон эл аралык медициналык колледжинин усулдук кеңеши төмөндөгүдөй курамда бекитилсин:
    1. Сулайманова Г.А. – ӨЭАМКнин окуу иштери боюнча директордун орун басары, усулдук кеңештин төрайымы;
    2. Раева К.Т. – “ЖКД” кафедрасынын башчысы, усулдук кеңештин мүчөсү;
    3. Карынова Ж.А. –“ЖГСЭД” кафедрасынын башчысы, усулдук кеңештин мүчөсү;
    4. Кошатова Г.Т. – “КД” кафедрасынын башчысы, усулдук кеңештин мүчөсү;
    5. Жаанбаева З.Н. – “ЖКД” кафедрасынын окутуучусу, усулдук кеңештин мүчөсү;
    6. Хашимова О.Н. – “КД” кафедрасынын окутуучусу, усулдук кеңештин мүчөсү.

3. **УГУЛДУ:** Ар түркүн маселелерде жаңы окуу жылындагы дисциплиналардын Типтүү программалары, жумушчу программалар талкууланды, ДОМКрин убагында түзүп, талкуулоо керектиги кафедраларга эскертилди. Кафедрада ар бир окутуучулардын дисциплинасы боюнча иш кагаздарын толук карап чыгып, талкуулап, бекитүүгө сунуш берүү жагы эскертилди. Ар бир окутуучуга өзүнө тийешелүү дисциплиналар боюнча документтерин: жумушчу программа, силлабус, ДОМКрин, сабактардын иштелмелерин убагында түзүп, бекиттирүү милдеттендирилди.
   2019-2020-окуу жылындагы окуу пландар, тайпалардын семестровкалары жана тайпа кураторлугуна сунушталган окутуучулар боюнча директордун окуу иштери боюнча орун басары Г.А.Сулайманова маалымат берди.

**Токтом кылынды:**

1. Жаңы окуу жылына карата жумушчу программалар, силлабустар, ДОМКри түзүлүп бекитилсин.
2. Ар бир дисциплинанын иш кагаздары кафедралардын отурумунда каралып, талкуулансын.
3. Окуу пландар, тайпалык семестровкалар жана тайпанын кураторлору ОшМУга бекитүүгө сунушталсын.
4. Токтомдун аткарылышына жооптуулар – директордун окуу иштери боюнча орун басары Г.А.Сулайманова жана кафедра башчылары.

Төрага: Станбаев Ө.Т.

Катчы: Тойгелди кызы А.